**КАРА-СУУ АЙМАКТЫК ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫ**

**КАРА-СУЙСКАЯ ТЕРРИТОРИАЛЬНАЯ ИЗБИРАТЕЛЬНАЯ КОМИССИЯ**

723300 Кара-Суу ш., Завод к. 2
тел.: 03232-50880, факс: 03232-50880
e-mail: adm30-1@shailoo.gov.kg
adm30-2@shailoo.gov.kg

723300 г.Кара-Суу, ул.Заводская 2
тел.: 03232-50880, факс: 03232-50880
e-mail: adm30-1@shailoo.gov.kg
adm30-2@shailoo.gov.kg

# №36 ЧЕЧИМ

2021-жылдын 21-апрели Кара-Суу шаары

Катышышты:
Кара-Суу АШКнын төрагасы К.Кимсанов,
Кара-Суу АШКнын катчысы – Ж.Молдожанова
мүчөлөрү - Султанов Н., Мойдунов Т., Раева Ы., Таев А., Абдраимова Э., Абдурасулов М., Айдаров М., Мамашев М., Кадыров К., Карабаев Т.

**Күн тартиби:**

1. **Кызыл-Кыштак айылынын тургуну О.Токторалиеванын арызын кароо**

**Угулду:** Кара-Суу АШКнын төрагасы К.Кимсанов – Урматтуу кесиптештер, Кызыл-Кыштак айылынын тургуну О.Токторалиева 2021-жылдын 11-апрелинде болуп өткөн жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоонун жүрүшүндө бир топ мыйзамсыз аракеттер болгондугу боюнча Кыргыз Республикасынын Президентине кайрылуу жолдогон.

1. Кызыл-Кыштак айылдык кеңешине талапкерлер Б.Халматов, Ш.Бегматов, мыйзамсыз үгүт материалдарын чыгарып таркатышкан деп билдирген. Бул маселе боюнча Кара-Суу аймактык шайлоо комиссиясы карап, чечим чыгарып арыздануучуга берилген.

2. №5242 шайлоо участогунда М.Макамбаевдин, Б.Халматовдун мыйзамсыз тапшармасын аткаруу максатында шайлоо өтүүчү жайды дезинфекция кылуу максатында байкоочуларды чыгарып турду, шайлоо бурмаланды деп маалымат берилген. Участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасы О.Казакбаевдан түшүнүк кат алынды, шайлоонун жыйынтыгы менен идентификациянын маалыматы менен АЭУнун маалыматы туура чыккандыгын, эч кандай мыйзам бузуу болбогондугун белгиледи.

3. №5242 шайлоо комиссияснын төрагасы О.Казакбаева шайлоону бурмалоо максатында кабинада жана сейфте туруучу атайын ручкаларды өзүнө алып жүрдү деп маалымат берилген. ОКазакбаева түшүнүк катында атайын ручкалар кабинада турган, бир шайлоочу өзү менен кошо бир ручканы алып чыгып кеткендиктен, кайрада алып келдик деп билдирди.

4. №5242 шайлоо участогунун төрагасы О.Казакбаеванын күйөөсү бир талапкерге байкоочу болду деп маалымат берилген. О.Казакбаева түшүнүк катында күйөөсү Маруф байкоочу болуп катталгандыгын, ал талапкердин башка байкоочу залда болгондуктан, Маруф шайлоо берүүчү жайга кирбегендигин билдирди.

5. №5242 шайлоо комиссиясынын торагасы О.Казакбаева байкоочу Ф.Рахмановага орой мамиле жасап, түртүп салган, натыйжада катуу ооруп калды деп билдирген, ошол эле учурда О.Казакбаева Ф.Рахмановага колумдун учун да тийгизген эмесмин деп түшнүк катта корсөттү.

6. О.Казакбаева шайлоо убагында түзүлгөн актыларды кабыл албай койду.

7. О.Казакбаева добуш берүүнүн жыйынтыгын колдо эсептеген жок деп билдирди. О.Казакбаева түшүнүк катта байкоочу Ф.Рахманова АЭУнун чегин алып кетип калган, шайлоо комиссиянын мүчөлөрү бюллетендерди колдо эсеп жүргүзүп, жыйынтыгы менен протокол түзүлгөн деп билдирди.

Кайрылуунун негизинде О.Токторалиева Кызыл-Кыштак айылдык кеңешине талапкерлер Б.Халматовду, Ш.Бегматовду талапкерлер тизмесинен каттосун жокко чыгаруу, Курманжан-Датка, Кызыл-Кыштак шайлоо округдарынын жыйынтыктарын жокко чыгаруу,

№5242 шайлоо комиссиясынын төрагасы О.Казакбаеваны кылмыш жоопкерчилигине тартууну суранган.

Жогорудагылардын негизинде Кызыл-Кыштак айылдык кеңешине талапкерлер Б.Халматовду, Ш.Бегматовду талапкерлер тизмесинен каттосун жокко чыгарууга негиз жок болгондуктан, арызданууучу тараптын сунушун канааттандыруудан баш тартылсын деген сунушту добушка койом.

Сунуш добушка салынды:

**Макул – 12,** **Каршы – жок.**

Сунуш бир добуштан кабыл алынды.

Курманжан-Датка, Кызыл-Кыштак шайлоо округларында шайлоо мыйзам чегинде өткөндүгүнө байланыштуу, аталган округдун аймагындагы шайлоо участокторунун жыйынтыктарын жокко чыгарууга негиз жок болгондугуна байланыштуу арызданууучу тараптын сунушун канааттандыруудан баш тартылсын деген сунушту добушка койом.

Сунуш добушка салынды:

**Макул – 12,** **Каршы – жок.**

Сунуш бир добуштан кабыл алынды.

№5242 шайлоо участогунун төрагасы О.Казакбаева добуш берүүчү жайдан дезинфекция кылуу максатында байкоочуларды чыгарып тургандыгы, түзүлгөн актыларды кабыл албагандыгы боюнча эскертүү берүүнү добушка койом.

Сунуш добушка салынды:

**Макул – 12,** **Каршы – жок.**

Сунуш бир добуштан кабыл алынды.

**Кара-Суу АШКсы күн тартибиндеги маселени талкуулап**
**Чечим кылат:**

1. Кызыл-Кыштак айылдык кеңешине талапкерлер Б.Халматовду, Ш.Бегматовду талапкерлер тизмесинен каттосун жокко чыгарууга негиз жок болгондуктан, арызданууучу тараптын сунушун канааттандыруудан баш тартылсын деген сунушту добушка койом.
2. Курманжан-Датка, Кызыл-Кыштак шайлоо округларында шайлоо мыйзам чегинде өткөндүгүнө байланыштуу, аталган округдун аймагындагы шайлоо участокторунун жыйынтыктарын жокко чыгарууга негиз жок болгондугуна байланыштуу арызданууучу тараптын сунушун канааттандыруудан баш тартылсын деген.
3. №5242 шайлоо участогунун төрагасы О.Казакбаева добуш берүүчү жайдан дезинфекция кылуу максатында байкоочуларды чыгарып тургандыгына, түзүлгөн актыларды кабыл албагандыгына байланыштуу, О.Казакбаевага эскертүү берилсин.
4. Чечим Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына билдирилсин.

**Кара-Суу аймактык шайлоо комиссиясынын төрагасы** **К.Кимсанов**

**Кара-Суу аймактык шайлоо комиссиясынын катчысы** **Ж.Молдожанова**